# Айыл чарба семинары өткөрүлдү

Ысык-Ата райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын уюштуруусу менен "ТазаЖан" үрөнчүлүк чарбасында облустук семинар болуп өттү. Семинарга айыл чарба министрлигинин өкүлдөрү, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын жетекчилери жана Чүй дубанынын дыйкандары катышты.

Семинардын жүрүшүндө дыйкандар жогорку сорттогу үрөндөр жана аларды өстүрүүнүн, айдап-себүүнүн эрежелери, "ТазаЖан" үрөнчүлүк чарбасынын адистеринин



иш-тажрыйбалары менен таанышышты. Химиялык жер семирткичтердин жардамысыз семиртүү, мол түшүмдүүлүккө жол ачуу, үрөндү себүүдө терендикти туура алуу сыяктуу көптөгөн кеңештерди алган дыйкандар менен тиешелүү жетекчилер жана тажрыйбалуу адистердин ортосунда суроо-жооп форматында пикир алышуу жүргүзүлдү.